**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**
**3СД1,2 тайпасынын кураторунун кышкы мезгил боюнча отчету**
**Окуу жылы:** 2025–2026-ж.
**Мезгил:** Сентябрь – Декабрь 2025-ж.
**Куратор:** Арыкова Нуржамал Турганбаевна

2025–2026-окуу жылынын күз-кыш мезгилинде 3СД1,2 тайпасы менен куратордук иштер жылдык планга ылайык системалуу түрдө жүргүзүлдү. Куратордук сааттар студенттердин кесиптик өнүгүүсүн, жарандык жоопкерчилигин, адеп-ахлактык тарбиясын жана коомдук активдүүлүгүн жогорулатууга багытталды. Тайпада уюшкандыкты бекемдөө, окуу мотивациясын жогорулатуу жана медициналык кызматкерге мүнөздүү сапаттарды калыптандыруу негизги максат болуп эсептелди.Ар бир студенттин жеке маалыматтары топтолуп портфолио жасалды. Сабакка катышуу боюнча мониторинг жүргүзүлүп турду.

## Өткөрүлгөн куратордук сааттар жана тарбиялык иштер

Отчеттук мезгил ичинде академиялык тайпанын өзүн-өзү башкаруу структурасы түзүлүп, тайпа башчысы жана активдер шайланды. Бул тайпада жоопкерчиликти жана уюшкандыкты жогорулатууга жардам берди.

Студенттер студенттердин жүрүм-турум кодекси менен тааныштырылып, медициналык кызматкердин этикасы, деонтологиясы жана кесиптик жоопкерчилиги боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Студенттер колледждин ички тартип эрежелерин сактоонун маанисин түшүнүштү.

Көп тил билүүнүн актуалдуулугу боюнча куратордук саат өткөрүлүп, студенттерге тил билүү кесиптик өнүгүүдө маанилүү роль ойной тургандыгы түшүндүрүлдү. Бул алардын кесиптик деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдар боюнча маалымат берилип, мамлекеттик тилди урматтоо жана туура колдонуу ар бир студенттин милдети экендиги белгиленди.

Студенттерге стипендиялык жана социалдык колдоо программалары боюнча маалымат берилди.(Биздин тайпадан 1 студент Калыева Н колдоо алды контракттан 15% ) Академиялык жетишкендиктердин мааниси жана социалдык колдоонун түрлөрү түшүндүрүлдү.

Ошондой эле студенттерге клиникалык практика боюнча маалымат берилип, практиканын максаты, эрежелери жана медициналык мекемелерде жүрүм-турум нормалары түшүндүрүлдү.

## Кошумча өткөрүлгөн тарбиялык жана маалыматтык иштер

Студенттерге окуу процессинде колдонулган модулдук-рейтингдик кредиттик технологиялар жөнүндө маалымат берилди. Бул система студенттердин билим деңгээлин этап-этабы менен баалоого, өз алдынча билим алууга жана жоопкерчиликти жогорулатууга багытталгандыгы түшүндүрүлдү.

17-ноябрь – Бүткүл дүйнөлүк студенттер күнү белгиленип, студенттерге бул күндүн тарыхы жана мааниси тууралуу маалымат берилди. Студенттердин укуктары жана милдеттери тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Бул иш-чара студенттердин коомдук активдүүлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөттү.

Декабрь айында 1-декабрь – Бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күрөшүү күнү белгиленип, студенттерге ВИЧ/СПИД жөнүндө маалымат, анын алдын алуу жолдору жана медициналык кызматкерлер үчүн мааниси тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, социалдык тармактардын оң жана терс жактары боюнча кураторлук саат өткөрүлдү. Студенттерге социалдык тармактарды туура колдонуу, убакытты туура пландаштыруу, жалган маалыматтардан сактануу жана маалыматтык коопсуздук тууралуу кеңири маалымат берилди.

## Тарбиялык иштердин жыйынтыгы

Отчеттук мезгил ичинде студенттердин тартиби канааттандырарлык деңгээлде болду. Тайпа активдери өз милдеттерин жоопкерчилик менен аткарып, куратор менен тыгыз иш алып барышты.

Студенттер окуу процессине активдүү катышып, кесиптик билим алууга кызыгуусу жогору экендиги байкалды. Тайпада ынтымактуу жана жоопкерчиликтүү атмосфера түзүлдү.

Кураторлук сааттар студенттердин:

- жоопкерчилигин жогорулатууга
- кесиптик аң-сезимин өнүктүрүүгө
- адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга
- мамлекеттик тилге болгон урмат-сыйын жогорулатууга
- медициналык кызматкерге тиешелүү сапаттарды өнүктүрүүгө
  оң таасирин тийгизди.

## Жыйынтык

Жалпысынан, 2025–2026-окуу жылынын күз-кыш мезгилинде 3СД1,2 тайпасы менен жүргүзүлгөн кураторлук иштер пландын негизинде толук аткарылды. Студенттердин тартиби, окууга болгон мамилеси жана коомдук активдүүлүгү жакшы деңгээлде. Алдыдагы мезгилде да студенттердин кесиптик өнүгүүсүн жана тарбиялык деңгээлин жогорулатуу боюнча иштер улантылат.

**Куратор:   Арыкова Н.Т**